**ИСАМИДИНОВ И.Ч.**
**lib.knu@mail.ru**

# СЮЖЕТТИН ЭЛЕМЕНТТЕРИН ҮЙРӨТҮҮ

«Биринчи мугалим» повестинин негизинде сюжеттин элементтери жөнүндө маалымат берүүнүн үлгүсүн мугалимдерге сунуш кылууну туура көрүп отурабыз.

Ырас, сюжетте окуялардын, аларга катышкан каармандардын аракеттеринин ырааттуу өнүгүшү жана жайгаштырылышы негизги маселе. Сюжеттин элементтери жөнүндөгү маалымат талдоого алынып жаткан чыгарманын конкреттүү фактыларынын негизинде түшүндүрүлгөндө гана өзүнүн максатына жетет. Анда «Биринчи мугалим» повестинде пролог барбы? Болсо кайсы учурлар? Пролог деп эмнени айтабыз? Ушул жерде бир кырдаалды эске сала кетели. Биринчиден, сюжеттин элементтери жөнүндөгү үлгүдө «мугалим мындай суроо берет, окуучу тигиндей жооп берет» деген методикада кийин трафаретке айланып кеткен ыкманы пайдаланган жокпуз. Экинчиден, иштин максаты Ч. Айтматовдун программага кирген чыгармаларынын негизинде адабият теориясынан маалымат берүүнү аны окутуп жаткан мугалимдер, келечекте ошол кесипке баруучу студенттер кандайча жүргүзүү керектиги жөнүндөгү жалпы илимий-теориялык-методикалык концепцияларды мүмкүнчүлүктүн жетишинче иштеп чыгуу болгондуктан, сабактын сүрөтүн (бул студенттер менен алынып барылуучу методиканын практикалык курсуна, мугалимдердин сабак-конспектилерине, ошол мүнөздөгү методикалык колдонмолорго мүнөздүү) түшүртө берүү бул жерде анча чечүүчү мааниге ээ болбойт деп эсептедик

1. Пролог - бул грек тилинде «алгачкы сөз» деген маанини билдирет. Байыркы грек трагедияларында спектакль (оюн) башталар алдындагы актёрдун көрүүчүлөргө кайрылышы, негизги окуяларга даярдык көрүү үчүн атайын сахнада аткарылган көрүнүштү пролог деп аташкан. Мындай прологдор кийинки кездерде айрым драмалык чыгармаларда да пайдаланылып жүрөт. Буга караганда, көркөм адабияттагы «пролог» деген терминдин келип чыгышы да, мүмкүн ушуга байланыштуудур. Сөздүктөрдө, адабият таануу, адабияттын теориясы боюнча окуу китептердеги прологдун аныктамасы төмөнкүдөй:

«Адабий чыгармадагы киришүүнүн бир түрү, автордун ниети, чыгарманын кыскача мазмуну алдын ала баяндалат, каармандар жөнүндө алгачкы түшүнүк берилет, бүткүл чыгарманын кийинки жүрүшү үчүн өзөк болуучу окуялар баяндалат».

Адатта чыгарма прологу менен ачылат да, жазуучунун же лирикалык каармандын кириш сөзү катарында чыгармада козголо турган проблемалар, окуялар жөнүндө кыскача кабар берет.

Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинде да пролог демейкидей эле чыгарманын башталышында берилген. Бирок айрым чыгармалардагылардай анын башталышында «пролог» деп жазылып коюлган эмес. Повесттин прологу көп чыгармадагыдай, айталы, А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романындагыдай:

«Бул менин имаратым алган антым,
Жок жерден тапканым жок, берди калкым.
Бардыгы жалтырактын каухар болбойт,
Сынаакы элдин өзү көрсүн чаркын.
Эрк үчүн, өмүр үчүн, жыргал үчүн,
Кармашкан кайрандардын айттым даңкын,
Эстелик ошолорго болобу деп,
Бактылуу балдарына сүрөт тарттым» -деп, романда сөз кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук үчүн болгон көтөрүлүшү жөнүндө боло тургандыгы же Т.Үмөталиевдин «Кубат» поэмасындагыдай:

«Бул дастанды жазмак элем мен эчак,
Кечигипмин даабай жүрөк тартынчаак.
Тартынбаган согуштарда кан күйгөн,
Ыр алдында боло жаздым коркунчаак» - деп, Кубат жөнүндөгү поэманы жазууну алда качан эле ойлонгондугу, эми чыгармада сөз Кубаттын эрдиги жөнүндө боло тургандыгы автор

тарабынан баяндалбастан, повесттин лирикалык каарманы - сүрөтчү жигит тарабынан баяндалат. «Биринчи мугалим» повести беш бөлүмдөн турат. Ошол беш бөлүмдүн өтө чакан, лирикалык каармандын сүрөт жөнүндөгү окуучуларга баяндаган биринчи бөлүмү «Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар эмне үчүндүр «Дүйшөндүн мектеби» - деп койчу. Кокус бирөө мал издеп калганда: «Ой, баланча, менин тору кунанымды көрдүңбү?» - десе, анда беркиси токтой калып: - «Тээ жогору Дүйшөндүн мектебинде жылкы жүрөт, ошол жактан чалып көр» - деп, бастырып кете берчү. Чоңдорду туурап биз дагы «Жүр кеттик Дүйшөндүн мектебине, терекке чыгабыз дей турганбыз»[1],- деп, Дүйшөндүн мектеби, символикалык кош терек, кийин эс тартып чоңойгондо түшүнгөн ошол теректердин сыры, ага байланыштуу өткөн балалык чагы, мектептин, кош теректин ээси Дүйшөн, мектептин ачылыш аземине келип отурган ушул жерлик академик Алтынай Сулайманова жөнүндө эл арасындагы түрдүү кептер туурасындагы экинчи бөлүмү анын прологу болуп эсептелет. Бул прологдон чыгармада тигил лирикалык каарман баяндап отурган символикалык кош терек, «Дүйшөндүн мектеби», эл ар кыл кеп кылган академик Алтынай Сулайманова, «бою каркайган, бүркүт кабак», лирикалык каарман айылда жүргөндө «колхоздун мурабы болуп, канжыгасына чоң кетменди байланып алып, шетектен чыгып калган өзүндөй калжайган жээрдени минип алып» көчөдө бастырчу, «кийин карый түшкөндө почточулукка өтүп кеткен» Дүйшөн жөнүндө сөз боло тургандыгын, чыгармада ошолордун купуя сырларынын чечиле тургандыгын даана байкоого болот.

2. Экспозиция - «Көркөм чыгармадагы сюжеттин баштапкы абалын, башкача айтканда, каармандардын мүнөзү калыптанган турмуштук байланыштардын, катнаштардын сүрөттөлүшүн экспозиция дешет. Чыгармада композициялык алган ордуна карай экспозиция ар түрдүү болот»[2]. Сюжеттеги окуялардын мурдагы абалы адегенде эле чыгарманын башталышында берилет. Мындай башталыш түз экспозиция деп аталат. Кээде экспозиция окуянын түйүндөлүшүнөн да берилет. Бул адабияттын теориясында кармалган экспозиция делинет. Булардан башка тескери экспозиция деген кездешет, мында каармандар жөнүндөгү кабар, алардын байланыш карым-катнаштарын сүрөттөө чыгарманын аягында берилет. Бирок, кайсындай экспозиция болсо да бардыгы тең эле бирдей милдет аткарат: катышуучу каармандардын мүнөздөрү калыптанган шарт менен тааныштырат, конфликт болгонго чейинки ал-абал тууралуу түшүнүк берет жана ошол конфликттердин башталышына, тагыраак айтканда, окуялардын түйүндөлүшүнө ыңгай түзөт. «Биринчи мугалим» повестинин экспозициясы түз экспозиция болуп эсептелет. Анткени, чыгармадагы окуянын башталышы, ал учурдагы абал, каармандардын байланыш-катнашы чыгарманын башталышында эле берилет. Мына, «...Бул иш 1924-жылы болгон. Ооба, мен жакшы билем, так ошол жылы...

Анда азыркы биздин айылыбыз турган жерде он-он түтүн жатакчылар болор эле. Анда мен он төрттөгү кыз. Аталаш туугандарымдын колунда жүргөм. Ошол жылы күздө, малдуу-жандуулар кыштоого көчүп өткөндөн кийин, биздин айылга мен башта көрбөгөн, аскер шинель кийген чоочун жигит келди. Элден, жолдон оолак турган too боорундагы кичинекей кыргыз айылы үчүн бул өзүнчө бир чоң окуя болду. Адегенде аны — аскер башчылыкта жүрүп эми айылга чоң болуп келиптир дешти, кийин туруп — жок, кокуй, бул баягы темир жолго тентип кеткен Таштанбектин уулу Дүйшөн деген экен, өкүмөт аны солдаттан бошотуп, мугалим кылып жиберген имиш, мектеп ачып, бала окутат имиш дешти. Мектеп, окуу деген сөздөрдүн өздөрү эле биз үчүн анда тааныш эмес, жаңы сөздөр. Бул айтылгандар чынбы, жалганбы, эмне болот, кандай болот деген арада, айыл ортосундагы дөбөчөгө жыйналып келсин деген кабар айтылып калды. «Ой, шумдугуң кур, бул дагы кандай жыйналыш эле!— деп, сүйлөгөн акем жаман атына минип, бастырып кеткенде, артынан ээрчип, башка балдар менен кошо мен да жүгүрүп бардым. Беш-алтоо аттуусу, калганы жөө турган кичинекей топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген, бажырайган, кубакай жигит сүйлөп жаткан экен...

-Эмесе комсомол мени мугалимдикке дайындап, бала окуткун деп жиберди. Мектепти силердин жардамыңар менен тээ дөбөдө ээн турган жаман тамды оңдоп ачалы деген такилип бар. Кандай дейсиңер, акылыңарды айткыла?» [3], - деген, иштин 1924-жылы болгондугун, кайсы мезгилде он-он беш түтүн айылга повесттин келечектеги башкы каарманы келгендигин, анын аты-жөнү ким экендигин, ал эмне максат менен келип, бул айылдын аз-оолак элине кошулгандыгын, муну эскерип жаткан ошол кездеги он төрт жашар жетим кыз Алтынай Сулайманова экендигин чыгарманын башкы каарманынын сөзү менен берип жаткан автордун

баяндоосу «Биринчи мугалим» повесттинин сюжетинин экспозициясы болуп эсептелет. Тексттен көрүнүп тургандай, сюжеттин бул элементи окуянын мындан ары кандайча болуп өнүгөрүнөн, кандай каршылык-кагылыштар болуп, алар кандайча чечилерлигинен эч бир маалымат бербейт, мында жүрүп жаткан окуя жок, тек гана чыгармада өтө турган окуянын ордунан, андагы каармандардын-алгачкы абалынан гана кабар берип турат.

3. Чиелениш - кандай гана чыгарма болбосун белгилүү бир окуя турмуштук кырдаалдан кийин андан ары окуя курчуп уланууга ыңгай түзүлөт. Окуя түйүндөлүп, чиеленип, андан ары өнүгүүгө мүмкүнчүлүк ачылат, кийинки окуялар келип чыгат. Сюжеттин мындай учуру чиелениш - деп аталат. Сюжеттүү чыгармалардын кандайында гана болбосун чиелениш болбой койбойт. Анткени, белгилүү бир кырдаал болмоюнча андан ары карай өнүкпөйт. Чыгармадагы конфликттер ушул окуянын түйүндөлүшүнөн башталган учурлар кездешет. Дүйшөн менен Сатымкул кераяк жана анын жактоочуларынын ортосундагы конфликт, ага байланыштуу окуялар да мектеп ачуу жөнүндөгү жыйналыштын мезгилинен - окуянын чиеленишинен башталат. «Биринчи мугалим» повестиндеги чиелениш (завязка) жогоруда экспозицияда Дүйшөн айылга эмнеге келгендеги максатын сурагандарга айтып бергенден кийин, мектеп ачыш керекпи, ачпоо керекпи деген маселени талкуулоодон башталат.

«Баятан мышыкча сестейип, бир көзүн жумуп унчукпай ээрдин кашына өбөктөгөн Сатымкул кераяк, чырт түкүрүп сүйлөп койду:

- Аныңды коё тур, окуунун бизге кереги эмне? – Дүйшөн кандай дээрин билбей, көзү алаңдай түштү.

- Баса туура айтат! - деп бер жактагылар да жабыла козголо берди. - Биз жер кетмендеп, жер менен эле оокат кылган дыйканбыз. А биздин балдар окуу окуп, эл сурап, өкмөт болот беле? Кой, айланайын, башыбызды катырба?

Үндөр бастай түшкөндө, өңү бозоруп, дабышы калтыраган Дүйшөн элди айландыра карап:

-Силер балдарды окутууга каршысыңарбы? - деп сурады.

-А каршы болгондо сен зордойсуңбу? Азыр элдин өз эрки, боштондукка чыкканбыз! — деди нары жактан бир үн…

-Мен силерди жардам бергиле деп жатам. Тээтиги байдан калган жаман атканаңы оңдойлу, көпүрө салыш керек, отун керек…

-Ой, жигит, коё турчу! - Сатымкул кераяк дагы да чырт түкүрүнүп, жумулган көзүн ымдап-ымдап алды.

-Бу мектеп ачам деп кыйкырасың, үстүңдө тонуң жок, астыңда атың жок, айдап койгон жериң жок, көздөп алган малың жок, сен эмне жылкы тийип оокат кыласыңбы?

-Оокатым өтөөр. Өкүмөт мага маяна төлөйт.

-А мына ошондой де! - Сатымкул жыргагандай ыржаң күлүп, төшүн кайкайта ээрдин кашынан өйдө боло берди. - Сөздүн аныгы эми чыкпадыбы. Сен ошол өкмөттүн казнасы менен эле жумуштарыңды бүтөп, балдарды окутуп ал. Бизди болсо кыйнаба, өз ташпишибиз башыбыздан арылбай жүрөт.

Ушуну менен Сатымкул аттын башын бура тартып бастырып кетти. Анын артынан башкалар тарап-тарап кетишти. Кагазын колуна кармаган бойдон турган жеринде селдейген Дүйшөн көпкө чейин козголбой турду»[4]. Ушинтип мектеп ачып, балдарды окутмак болгон Дүйшөндүн аракетин Сатымкул кераяк баш болгондор колдобой, тарап кетишип, селдейип ордунда жалгыз калат. Мына ушул кырдаалдан баштап окуя түйүндөлүп, карама-каршылыктар пайда болот. Сатымкул баш болгон жаңы замандын жаңылыктарын жектеген эскинин өкүлдөрү менен элдин, айрыкча жаштардын келечеги үчүн кам көргөн жактагы адамдардын ортосундагы келишпес күрөш башталып, окуя түйүндөлөт, конфликт башталат. Мына ушул кырдаал «Биринчи мугалим» повесттиндеги түйүндөлүш болуп саналат. Окуянын бул чиелениши эми логикалык түрдө анын андан аркы кыймыл-аракетине, өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, закондуу түрдө андан аркы өнүгүшүн жана окуялардын келип чыгышын талап кылып турат.

4. Жогоруда көрсөтүлгөн «Биринчи мугалим» повестиндеги окуялардын түйүндөлүшү - Дүйшөндүн мектеп ачышына каршы чыгуулар - эми ал окуялардын андан ары өнүгүшүн - мектеп ачылып, балдар мектепке тартылып, Дүйшөн окутабы, же ошол «селдейген» боюнча кайра кетеби, кетсе да, окутса да мындан ары кырдаалдар келип чыгат - мына ушуларды талап кылып турат.

Дүйшөн айтканынан кайткан жок. Сатымкул кераяктын айтымы менен көпчүлүк мектеп ачууга жардам бербей кетип калышса да, окуя андан ары өнүгүп жаңы окуя, кырдаалдар келип чыкты. Алтынайдын сөзү менен айтканда: «Эртеси күнү сууга барган жерибизден кетмен, күрөк, балта көтөргөн Дүйшөндү суудан кечип өтүп, жогору дөбөдө турган жаман тамды көздөй кеткенин көрүп калдык. Ушундан баштап күнүгө эртең менен кара шинелчен Дүйшөндүн карааны өйдө бир өтүп, күн батаарда ылдый бир түшүп турду. Кээде чоң таңгак саман же куурай көтөрүп ташып жатты». Дөбөдөгү жаман тамандын тегерегиндеги «тикенектердин баарын түбүнөн кетмендеп чаап, тамдын шалдырап жыгылып калган каалгасын кайра эптештирип, ураган жерлерин оңдоп», бурчуна «меш өңдүү бир нерсе куруп», мектепти ачууга даярдай баштады. Алтынай болсо Дүйшөндүн мектебине келип «каптагы тезекти там түбүнө төгө салып, тызылдаган бойдон адырын, кокту-колотун аралап» тезек терүүгө шашылып жатты. Окуя андан-ары өнүгүп, Дүйшөн балдарды чогултуп, мектепке алып келип биринчи сабакты өттү. Мугалими менен балдары бири-бирин түшүнүшүп, кадимкидей ынтымак-сый мамиле башталды. Алтынайдын мектептен окушу жөнүндөгү маселени чечти. «- Мен силерге, балдар, арип жазууну, сөз, сан жазууну үйрөтөм» — деп Дүйшөн «билгенин аябай, калем кармоодон тарта үйрөтүп», алар укпаган саясы сөздөргө чейин түшүндүрүп, окутууга аракеттенип, алгачкы натыйжалар көрүнө баштады. Мына ушулар, дагы башкалар «Биринчи мугалим» повестиндеги окуянын өнүгүшү болуп эсептелет.

5. Окуянын өсүп жеткен чеги. Окуя карама-каршылыктардын, кагылышуулардын кырдаалында өнүгүп жүрүп отуруп, өзүнүн өсүү чекитине жетет. Бул сюжеттин курулушунда кульминация - окуянын өсүп жеткен чеги деп аталат. Кульминация латын тилинде «чоку», «бийиктик» деген маанини билдирет. «Биринчи мугалим» повестинде Дүйшөндүн мектеп ачып, балдарды окутуусуна карата болгон каршылыктар, кагылышуулар өсүп жүрүп отуруп, Дүйшөндүн катуу каршылыгына карабастан «түлкү тебетей» жана анын союлчандары: « - Ур! Башка чап! Өлтүр! Кан сийдир!- деп жабыла токмокко алышып», «бети башынан, кийим кечесинен! тамтык калбай, жошодой кызыл-ала кан болуп, али жыгылбай «сендиректеп» калганга чейин сабашып, повесттин башкы каарманы-Дүйшөндүн окуучуларынын бири Алтынайды сабакта отурган жеринен эки колун чылбыр менен артка чырмап таңган бойдон алып кетишери менен повесттин окуясы эң акыркы чекитине - кульминациясына жетет. Сюжет чечилиш абалына келип такалат.

6. Окуянын чечилиши. “Көркөм чыгармадагы сүрөттөлгөн окуялардын, турмуштук шарттардын, байланыштардын негизинде түзүлгөн жыйынтыктоочу, эң акыркы турмуштук кырдаалды, башкача айтканда, сюжеттин корутунду бөлүгүн чечилүү деп аташат... Сюжеттин чечилүү бөлүмү драмалык ыргакта жазылган чыгармада айрыкча ачык көрүнөт”[5]. Повесттеги Дүйшөндүн Алтынайды ала качып кеткен жеринен бошотуусу, “төрдө башы менен чүмкөнүп аюудай жаткан немени” “өтүгүн коңултак кийгизип, эки колун бура байлап, “милиционерлердин тигини атына кондуруп, бири жетелеп, бири айдап алып” жөнөөсү, Алтынайды Дүйшөндүн Ташкенге окууга узатуусу – Дүйшөн Алтынай сыяктанган жаңы түзүлүштүн өкүлдөрүнүн жеңиши, эскинин жеңилиши, эски мектептин ордуна жаңы мектеп курулуп, анын аземинин өтүшү анын чечилиши болуп эсептелет.

7. Эпилог. Айрым учурда чыгарма аяктагандан кийин катышуучусу башкы каармандын кийинки тагдырын автор же лирикалык каарман тарабынан баяндаган бөлүм да берилет. Каармандын кийинки тагдыры жөнүндөгү баян эпилог деп аталат. “Биз кээде унутпас нерселерди унутуп, эскирбес жоо жарагын эскирди деп, аны пайдаланбай жүрөбүз. Ушуну менен өзүбүздүн тарыхты жардылантып, жаштарды тарбиялоо ишинде кемчилик кетирип келе жатабыз. Болбосо, мага окшогон менин замандаштарым, Дүйшөн сыяктуу биздин жаңы доорду орнотууда өмүрүн кыйып, жаштыгын берип, жүрөк кабы менен кошо элге сууруп берген эбегейсиз эмгек, эрдик көрсөткөн, мен мындай элем деп төшүн какпаган карапайым, асыл жүрөктүү бир канча адамдар жөнүндө биз мурунтан элге жеткирип айтып жүргөн болсок, анда алар унутулуп, көз жаздымында калып, анан калса, тамашага айланып кетпес эле го! Биз буларды сыйлабасак, өзүбүздү сыйлабагандыгыбыз, революциянын деми менен кылымдар аттап басып өткөн жолубузду сыйлабаганыбыз. Азыркы кезде кээ бир жаштар демократия ушул бойдон көктөн түшүп келгендей чалчакташып, совет өкмөтүнүн алгачкы тарыхы жөнүндө кеп болсо, ой коюңузчу качанкы немелерди, анын баары айтылып бүтпөдүбү

эми деп, манчыркашат. Жок, качанкы эмес, азыр атом менен космостун доору болсо да, революция жараткан Дүйшөндөр дале биздин катарыбызда.

Демократия куруп жаткан азыркы жаштар үчүн Дүйшөн сыяктуу адам үлгү боло албайбы? Эгерде биз баарыбыз ошол Дүйшөндөй эле болсок, аң-сезимибиздеги байкер турмуш алда качанкы болоор иш, Дүйшөн мугалим болуп жүрүп, билимим аз деп өкүнөөр эле. Анысы ырас. Бирок кээ бир азыркы жогорку маданияттуу мугалимдер Дүйшөн сыяктуу өз кесибин сүйүп, жүрөк жалыны менен ошого берилсе болор эле». Бул повесттин эпилогу катарында айтылып жаткан ойлор Дүйшөн сыяктуу эле башкы каарман академик Алтынай Сулаймpraвнанын катынан. «...менин бул эмгегим биздин айылдын биринчи мугалими, биринчи коммунисти, азыркы убакытта почточу болуп жүргөн Дүйшөн аксакалга арналат... Мен бул сүрөттү тартпай коё албаймын, бирок эмне үчүн сүрөтчү болуп туулдум экен? «Кана! Эмнени тартсам? Кандай кылсам? дейм. Бала кезде эчтекесин билбей жүрүп, өзүмчө эле сыйкырлана берген айыл үстүндөгү Дүйшөн менен Алтынайдын теректерин тартсамбы?....же болбосо, «Айылдын биринчи мугалими» деп Дүйшөн балдарын мектепке ээрчитип бара жатканда, бирин жонуна мингизип, экинчисин колуна көтөрүп, суу кечип бара жатканын тартсамбы? Же Алтынайды поездге салып алыс сапар узатканын тартсамбы? Койчу, ушундай эле толгон ойлор»[6]. Бул повесттин прологунда сүрөт жөнүндө, «Дүйшөндүн мектеби», кош терек жөнүндө баяндаган лирикалык каарман— сүрөтчүнүн чыгарманын акырындагы ой толгоолорунан. Мына ушул келтирилген Алтынай Сулаймpraвнанын сүрөтчүгө-лирикалык каарманга жазган каты, сүрөтчүнүн-лирикалык каармандын Дүйшөндүн сүрөтүн тартуу жөнүндөгү чыгармачылык ой толгоолору «Биринчи мугалим» повестинин эпилогу болуп эсептелет. Чыгармадагы сюжеттин элементтерин дал ушундай тартипте үйрөтүү оң натыйжаларды берет.

## АДАБИЯТТАР


1. Айтматов Ч. Чыгармалар. – Фрунзе, «Кыргызстан», 1982. - Т.2. - 405-бет.
2. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение. -М. «Просвещение» 1979. - 125-бет.
3. Айтматов Ч. Чыгармалар. - Фрунзе, «Кыргызстан» 1982. Т.2. - 411-412-беттер.
4. Айтматов Ч. Чыгармалар. Фрунзе, “Кыргызстан” 1982. Т.2. - 412-413-беттер.
5. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение. -М. «Просвещение» 1979. - 125-бет.
6. Айтматов Ч. Чыгармалар. Фрунзе “Кыргызстан” 1982. Т.2. - 446-447-беттер.